Бекитем

Касыке Мамбеталиев атындагы

орто мектебинин директору

____________Токтакунов У. Ф.

_1- сентябрь_______2022-ж

## МЕКТЕП КИТЕПКАНАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

- Касыке Мамбеталиев атындагы орто мектебинин китепканасы ( мындан ары карай “Китепкана”) мектептин окуу, билим берүү жана тарбиялык ишмердүүлүгүн, маданият, руханий жана интеллектулдык карым -катнаш мамилелерин жайылтуу боюнча маалыматтык жактан колдоо көрсөтүүнү камсыз кылган негизги түзүмдүк бөлүмү болуп саналат.
- Китепкана берилген тартипте каржылаган жана ишмердүүлүгүн көзөмөлдөп турган уюштуручуусу болуп саналат.
- Китепкана өз ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ченемдик укуктук актыларды. Мектептин Уставын жана локалдуу ченемдик актыларын, ушул Жобону жетекчиликке алып, ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырат.
- Китепкананын фондун пайдалануу тартиби, негизги кызматтарынын тизмеси, маалыматтык ресурстарды пайдалануу атайын эрежелер менен аныкталат. Пайдалануучулардын китепкананын фондуна эркин кирүү мүмкүнчүлүгүн жана укугун чектөөлөргө жол берилбейт.
- Китепкана өз пайдалануучуларынын маалыматтык керектөөлөрүн толук кандуу канаттандыруу үчүн китепкана фондун керектүү окуу китептер жана методикалык колдонмолор, справочниктер, энциклопедиялар, мезгилдүү басмалар менен бирге аракет жасайт, башка китепканалар менен кызматташуу байланышында болот.
- Китепкана ишин уюштуруунун эрежелери, бухгалтердик эсепти, инвентаризацияны, коопсуздук техникасын жана өрткө каршы эрежелерди, ошондой эле мектептин Уставын жана ички эмгек тартибин сактоо.

Китепканачы:____________ Алиева Б.Т.